КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

БАРСКООН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ БАРСКООНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Барскоон айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин XXVIII-чакырылышынын IV-кезектеги сессиясынан**

# ТОКТОМ

**2024-жылдын 26-июну № 34** **Барскоон айылы**

**Барскоон айылындагы К.Чылабаев атындагы жалпы орто мектебинин курулушуна жер участокторун берген айыл тургундардын алма бактан бөлүнүп берилген жер участоктордун чектик өлчөмүн бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 34-беренесине, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 18-беренесинин 3-4-пунктарына жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 31-майындагы №291 “Жер мунапысын жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Жобону бекитүү тууралуу” токтомуна ылайык, айыл өкмөтүнүн башчысы А.Асанбаевдин жана жер, муниципалдык менчик, жайыт жана айыл чарба маселелери боюнча башкы адиси И.Исашовдун билдирүүлөрүн угуп талкуулап, жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Барскоон айылынын К.Чылабаев атындагы жалпы орто мектебинин курулушуна жеке менчик жер участокторун өткөрүп берген төмөнкү айыл тургундардын Барскоон айылынын №798-контурундагы алма бактан бөлүнүп берилген жер участокторунун чектик өлчөмдөрү жер мунапысынын обьектиси катары төмөндөгүдөй бекитилип берилсин.

- Дакиев Садырбек Омурасанович– 0,15 га, Иманкулов Замирбек Советович- 0,15 га, Алапаев Туратбек Ажыбаевич – 0,15 га, Туратбек уулу Жолдошбек – 0,15 га, Мафкуев Марат Жумаевич – 0,29 га.

2. Жер участокторунун бекитилген чектик өлчөмдөрүн Жети-Өгүз райондук жер мунапысын жүргүзүү комиссиясына сунуштоо жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 31-майындагы “Жер мунапысын жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Жобону бекитүү тууралуу №291 токтомуна ылайык тиешелүү иштерди алып баруу жагы Барскоон айыл аймагынын айыл өкмөт башчысы А.Т.Асанбаевге тапшырылсын.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жергиликтүү кеңештин жер, агрардык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.

**Төрага** **М.Ибаков**

Жиберилди: жергиликтүү кеңештин иш кагаздарына 1-нуска, юстицияга -2 нуска, а/ө -1 нуска, төрага – 1 нуска, баардыгы – 5 нуска